«Каралды»
ЫКИПКнын педагогикалык кеңешинин отурумунда
Протокол №__3____ 20_21__ж.

«Бекитемин»
ЫКИПКнын директору
____________ Б.А.Жумабаева
__25.01______20_21__ ж

**Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин «Орто кесиптик билим берүү системасындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациялык деңгээлдерине талаптарга (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы №421/1 буйругунун Тиркеме)» ылайык ЖОБОСУ**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1. Учурдагы Жобо «Орто кесиптик билим берүү системасындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациялык деңгээлдерине талаптарга (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы №421/1 буйругунун Тиркемесинин негизинде)» ылайык Орто кесиптик бил им берүү программаларын ишке ашыруучу Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин (мындан ары ЫКИПК) инженердик-педагогикалык кызматкерлерин аттестациядан өткөрүү тартибин жөнгө салат.

1. *Учурдагы Жободо төмөндөгү аныктамалар колдонулат:*

- аттестация– окутуучунун кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлине карата аттестациялык комиссия тарабынан комплекстүү баалоосунун процедурасы;
- аттестацияланууучу окутуучу - аттестация процедурасына катышуучу окутуучу;
- аттестациялык комиссия -аттестациядан өтүүчү окутуучулардын квалификациялык деңгээлин аныктоочу жана ыйгаруучу, белгиленген тартипте аттестациялык процедураларды жүргүзүүчү, коллегиалдуу орган;
- квалификациялык деңгээл-окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүн аткаруусундагы натыйжалуулугун, кесипкөйлүгүн чагылдыруучу, педагогикалык компетенттүүлүгүн көргөзүп турган, окутуучунун кесиптик даярдыгынын деңгээли;
- ОКББдөгү окутуучунун квалификациялык деңгээлдерине талаптар (мындан ары талаптар -квалификациялык талаптар)-окутуучунун квалификациялык децгээлин аныктоого негиз болуучу кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармактары жана түрлөрү боюнча компетенттүүлүктөрдүн топтомун камтыган документ;
- комплекстүү баалоо-окутуучуга тиешелүү педагогикалык квалификациялык деңгээлдин ыйгарылуусу үчүн аттестациялык комиссияга тапшырган педагогикалык ишмердүүлүгүн коргозүп турган документтери, материалдары жана өзүн өзү баалоосунун негизинде, аттестастациялык комиссия тарабынан,квалификация ыйгаруу үчүн педагогикалык ишмердүүлүгүн ар тараптуу, системалык жана обьективдүү иликтөөнүн негизинде баалоосунун топтому;
- өзүн өзү баалоо - квалификациялык деңгээлдердин талаптарына ылайык окутуучунуң өзүнүн кесиптик сапаттарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө берген, өзүн «аттестацияга сунуштоодо» фиксацияланган баалоосу;

– экспертиза- окутуучунун ишмердүүлүгүнүн квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн тастыктоо максатында аттестациядан өтүүсү үчүн даярдалган документтерин жана материалдарын аттестациялык комиссия тарабынан изилдөөсү.

2. **Аттестациянын максаттары:** окутуучуларга квалификациялык деңгээл ыйгаруу, педагогикалык чеберчилигинин, кесиптик жана инсандык өнүгүүсүнүн жогорулоосун максатка ылайык стимулдаштыруу болуп саналат.
3. **Окутуучуларды аттестациялоонун милдеттери болуп саналат**:
– окутуучулардын кесиптик компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныкталган квалификациялык талаптарга ылайык келүүсүн аныктоо;
– окутуучулардын квалификациясын жогорулатуудагы жана кесиптик өнүгүүсүндөгү зарылчылыктарды аныктоо;
– билим берүү мекемеси тарабынан жүргүзүлүп жаткан билим берүү кызматтарынын сапатын жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
4. **Окутуучуларды атттестациялоонун негизги принциптери болуп саналат:**коллегиалдуулук,комплекстүүлүк,системалуулук,ачыктык, объективдүүлүк.
5. Аттестация эки түргө бөлүнөт:
- мөөнөттүү, беш жылда бир жолудан кем эмес өткөрүлүүчү аттестация;
- кезексиз, билим берүү мекемесинин зарылчылыктарга байланыштуу же окутуучу тарабынан ыктыярдуу демилгенин негизинде откөрүлүүчү аттестация.
7. Окутуучулар аттестациядан «Орто кесиптик билим берүү системасындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациялык деңгээлдерине талаптарга (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы №421/1 буйругунун Тиркемесининде берилген)» ылайык өтүшөт.

***Окутуучулар аттестациядан төмөндөгү квалификациялык деңгээлдердин ыйгарылуусу үчүн аттестациядан өтүшөт***:

1-деңгээлдеги окутуучу,
2-деңгээлдеги окутуучу,
3-деңгээлдеги окутуучу.

8. Окутуучулар өзүнүн ыктыярдуу арызынын негизинде, мурдагы аттестациянын мөөнөтүнөн эки жылдан кем эмес убакыт откөндөн кем эмес аралыкта кезексиз аттестациядан өтүүгө укуктуу;
9. Билим берүү мекемесинде педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүп келген айкалыштыруучу (совместитель) тараптар аттестациядан сабак өтүүчү дисциплиналары боюнча боюнча жалпы негизде, учурдагы Жобого ылайык негизги кызмат ордунда өтүшот.Эгер негизги кызмат орду билим берүү мекемеси эмес болгон учурда, аттестация ал айкалыштыруучу болуп иштеген билим берүү мекемесинде жүргүзүлөт.
10. **Аттестациядан өтүшпөйт:**
– Билим берүү мекемесинде иштеген мөөнөтү бир жылга жете элек тараптар;
– Кош бойлуу аялдар(эгер өздөрү аттестациядан өтүү үчүн жеке кайрылышпаса);
– Бала кароо үчүн оргүүгө чыккандар;
– 70 жаштан ашкан тараптар.

Жогоруда белгиленген тараптарды аттестациялоо жумушка чыккандан кийин бир жылдан ашык мөөнөттөн кийин жүргүзүлөт.

Аттестациядан андан сырткары кесиптик билим берүү мекемесин аяктаганына эки жыл толо элек жаш адистер да өтүшпөйт (эгер өздөрү жеке каалоосу менен кайрылышпаса).

Пенсия курагындагы, эмгек келишими менен иштешкен окутуучулар аттестациядан жалпы негизде, учурдагы Жобого ылайык өтүшөт. Аттестациялык комиссиянын мүчөлөрү, аттестациядан жалпы негизде өтүшөт. Аттестациялык комиссиянын мүчөсү болгон окутуучу, өзү аттестациядан өтүп жаткан учурда комиссиянын ишине катыша албайт.

11. Аттестация, атайын түзүлгөн аттестациялык комиссия тарабынан окутуучулардын арызынын, «Орто кесиптик билим берүү системасындагы педагогикалык кызматкерлердин квалификациялык деңгээлдерине талаптарда» көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарды (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы №421/1 буйругунун Тиркемеси) аткаруусунун жыйынтыгынын аттестациялык комиссия тарабынан каралып, окутуучулардын кесиптик ишмердүүлүгүн жана ишинин көрсөткүчтөрүнүн комплекстүү баалоосунун негизинде жүргүзүлөт.

## 2. Аттестациялоону жүргүзүүнү уюштуруу

12. Билим берүү мекемесинин жетекчиси аттестация жүргүзүү боюнча тиешелүү буйрукту чыгарат.
13. Аттестациялоону жүргүзүү үчүн билим берүү мекемесинин жетекчисинин атайын буйругу менен беш жылдык мөөнөткө аттестациялык комиссия түзүлөт.
14. Аттестациялык комиссиянын курамы жалпы педагогикалык курамдын санына жараша, так санда, жетиден кем эмес адамдан турган курамда түзүлот.
15. Аттестациялык комиссия төрагадан, төраганын орун басарынан, катчыдан жана комиссиянын мүчөлөрүнөн турат.
16. Аттестациялык комиссиянын курамына кирет:
   - директор;
   - директордун окуу иштери боюнча орун басары;
   - билим берүү мекемесинин окутуучулары;
   - методист
   - бөлүм башчылар;
   - адам ресурстарын башкаруу бөлүмүнүн жетекчиси;
   - кесиптик бирлик комитетинин төрагасы(өкүлү);
   - билим берүү мекемесинин көзөмөлдүк кеңешинин төрагасы (өкүлү).
17. Аттестациялык комиссиянын негизги функциялары болуп саналат:
- аттестациялык комиссиянын иштөө графигин түзүү;
- аттестациялоо процедурасын уюштуруу жана жүргүзүү;
- аттестациялоо үчүн керектүү болгон документтерди карап чыгуу, аларды экспертизадан өткорүү;
- комплекстүү баалоону жүргүзүү;
- квалификациялык деңгээлди ыйгаруу боюнча чечим чыгаруу;
- билим берүү мекемесинин админстрациясына аттестациядан өтүүчүнүн квалификациясын жогорулатуу, кесиптик кайра даярдоодон өтүүсү боюнча сунуштарды берүү.
18. Аттестациялык комиссиянын төрагасы, төраганын орун басары, катчысы аттестациялык комиссиянын биринчи отурумунда анын мүчолөрүнүн ичинен ачык добуш берүү менен аттестациялык комиссиянын иштөө аралыгына шайланышат.
19. Аттестациялык комиссиянын төрагасы комиссиянын ишин жетектейт жана ага тагылган милдеттенмелердин аткарылуусун камсыздайт.
   ***Аттестациялык комиссиянын төрагасы төмөндөгү милдеттерди аткарат:***
- аттестациялык комиссиянын иштөө алгоритмин аныктайт жана аттестациялык комиссиянын мүчөлөрүнүн арасындагы функцияларды бөлүштүрөт;
- аттестациялоодон өтүүгө арыз берген окутуучулардын кесиптик ишмердүүлүгүнүн анализине жана баалоонун сапатына жооп берет;
- аттестациялык комиссиянын отурумдарын жүргүзөт;
- аттестациядан өтүүчүлөрдү анын жыйынтыктары менен тааныштырат;
- аттестациялоо процедурасынын сакталышына жана документтештирүүнүн туура жүргүзүлүшүнө көзөмөл жүргүзөт;

- комиссиянын отурумдарынын протоколдорунун, аттестациялык баракчалардын туура толтурулушуна жана сапаттуу жүргүзүлүшүнө көзөмөл жүргүзөт.

20. Аттестациялык комиссиянын төрагасы анын ишине катыша албаган учурда, төраганын орун басары анын функцияларын аткарууга милдеттүү.

- аттестациядан өтүүчүлөрдүн арыздарын жана документтерин кабыл алат;
- билим берүү мекемесинин жетекчисине аттестациялык комиссиянын иштөө графигин, аттестациядан өтүүчүлөрдүн тизмесинбекиттирүүгө сунуштайт;
- аттестациялоо боюнча кириштелүүчү жана чыгышталуучу документтерди каттоого алат;
- комиссиянын мүчөлөрүнүн комиссиянын ишине катышуусун камсыздайт жана аттестациядан өтүүчүлөрдү белгиленген тартипте комиссиянын отурумдарына чакырат;
- комиссиянын отурумдарын протоколго түшүрөт, документтештирүүнү жүргүзөт (аттестациялык баракчалар ж.б.).

21. Аттестациялык комиссиянын төрагасы, төраганын орун басары, катчысы ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда алардын ордуна комиссиянын курамынын ичинен анын иштөө мөөнөтү аяктаганча жаңы адамдар шайланышат.
22. Аттестациялык комиссиянын толук ыйгарым укуктуу мүчөсү өз милдетин мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда билим берүү мекемесинин жетекчиси комиссиянын жаңы мүчөсүн дайындоо тууралуу буйрук чыгарат.
23. Жобого жана Тиркемеге ылайык аттестациялоодон өтүүчүлөр, окутуучулар аттестациядан өтүү үчүн жыл сайын, 1-октябрга чейин аттестациядан өтүү үчүн комиссияга арыз менен кайрылышат.
24. Аттестациялык комиссиянын иштөө графиги жана квалификациялык деңгээлди алууга талапкер болушкан аттестациядан өтүүчүлөрдүн тизмеси билим берүу мекемесинин жетекчисинин буйругу менен бекитилет.
25. Аттестациялык комиссиянын иштөө графигинде, аттестациядан өтүүчү окутуучулардын тизмеси, аттестациялоо жүргүзүүнүн датасы, аттестациялык комиссия тарабынан каралуучу талап кылынган документтерди жана башка зарыл болгон маалыматтарды тапшыруунун мөөнөтү көрсөтүлөт.
26. Аттестациялык комиссиянын иштөө графиги жана аттестациядан өтүүчү окутуучулардын тизмеси, аттестациялануучулар тууралуу маалыматтар, билим берүү мекемесинин жетекчиси тарабынан КР ББжИМнин тиешелүү бөлүмдөрүнө 10-октябрга чейин жөнөтүлөт.
27. Окутуучуларга аттестациялык деңгээлдерди ыйгаруу жыл сайын окуу жылы ичинде 20-октябрдан 20-апрелге чейинки аралыкта жүргүзүлөт. Аттестациядан өтүүчүгө аттестация башталаардан мурда анын мөөнөтү боюнча, бир айдан кем эмес аралыкта жазуу түрүндө маалымат жеткирилүүгө тийиш. Аттестациянын жүргүзүлүү аралыгы, анын башталышынан тартып, ушул Жобого ылайык чечим чыгарылганга чейин 60 календарлык күндөн ашпоого тийиш.
28. Аттестациядан өтүүчү окутуучуга Циклдык комиссиянын башчысы тарабынан учурдагы Жобонун 2 – тиркемесинде көрсөтүлгөн үлгүдө аттестациялануучу окутуучу үчүн аттестациялык комиссияга мүнөздөмө-сунуштама даярдалып берилет. Аттестация башталаарга 10 календардык күн калгган мөөнөттөн кечиктирбестен Предметтик-циклдык комиссиянын башчысы окутуучуларды жазуу түрүндөгү мүнөздөмө-сунуштама менен тааныштырууга тийиш. Мүнөздөмө-сунуштама менен таанышкан соң, окутуучулар өз каалоосу менен аттестациялык комиссияга өздөрүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн мүнөздөгөн кошумча документтерди жана маалыматтарды тапшыра алышат.

Окутуучулар мүнөздөмө-сунуштама менен макул эмес болгон учурда ЫКИПКнын директору жана кызматкерлеринин (экиден кем эмес) катышуусунда акт түзүлөт. Акт

предметтик-циклдык комиссиянын башчысы тарабынан аттестациялык комиссияга өткөрүлүп берилет.

29. Окутуучулар аттестациядан өтүү үчүн, бекитилген графикке ылайык, аттестастациялык комиссияга админстрация тарабынан күбөлөндүрүлгөн, төмөндөгү документтерди тапшырышат:

- Жеке арызы (Тиркеме 1);
- Аттестацияга сунуштама (Тиркеме 2);
- Аттестациялык баракча (Тиркеме 3);
- Мүнөздөмө.

30. Аттестация жүргүзүү үчүн уюштуруучулук-техникалык шарттарды түзүүгө Ысык-Көл индустриалдык-педагогикалык колледжинин директору жооп берет.

31. Аттестациялык процедуралардын жүргүзүлүшүнө аттестациялык комиссиянын төрагасы жооп берет.

## 3. «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптарды» апробациялоо

34. «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптарды» апробациялоо (КР ББЖжМнин 09.04.2021-жылдагы, №421/1 Буйругуна Тиркеме) ЫКИПКнын окутуучуларын аттестациялоонун негизги курамдык бөлүгү. Талаптарды апробациялоо төмөндөгү критерийлер боюнча жүргүзүлөт:

**Эмгек/кесиптик функциялары:**

1-деңгээлдеги окутуучу; 2-деңгээлдеги окутуучу; 3-деңгээлдеги окутуучу.

**Кесиптик ишмердүүлүгүнүн тармагы:**

- Сабак берүү жана окутуу;
- Билим берүү программаларын ишке ашырууну методикалык жана материалдык-техникалык камсыздоо;
- Социалдык өнөктөштөр менен кызматташуу;
- Түйүндүү (ключевые) көндүмдөр. Жалпы компетенциялар.

**Эмгек/кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрү:**

- Кесиптик билим берүү системасындагы нормативдик-укуктук базаны сактоо;
- Билим алуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- Окутуунун натыйжаларын баалоону уюштуруу жана жүргүзүү;
- Билим алуучулардын долбоордук ишмердүүлүгүн коштоо (сопровождение);
- Кесиптик билим берүүнүн сапатын камсыздоо;
- Билим берүү мекемесинин окуу-методикалык системасынын колдонуу;
- Билим берүү мекемесинин системасынын материалдык-техникалык базасын колдонуу;
- Билим алуучулардын социалдык жана коммуникативдик компетенцияларынын онүгүүсүнө шарт түзүү;
- Эмгек рыногунун жана билим алуучулардын Билим берүү мекемесиндеги окутуунун сапатына болгон талаптарын иликтөө;
- Профориентациялык иш чараларды жүргүзүү.

**Негизги көндүмдөр**

- Коммуникативдик компетенция;
- Коопсуздукту камсыздоо компетенциясы;
- Билим берүү процессинде санариптик технологияларды колдонуу компетенциясы;
- Жашоосунун бардык учурларында өзүн кесиптик өнүктүрүүсүнүн компетенциясы.

**Талаптарды апробациялоону жүргүзүү тартибин, аттестациялык комиссия аныктайт**

32. Предметтик циклдык комиссиянын отурумунда билим берүү процессин камсыздоочу документациялардын негизинде (МББС, НКББП, кесиптик стандарттар, ) чечим, добуш менен ар бир окутуучунун эмгек/кесиптик функциялары аныкталат;
33. Инженердик-педагогикалык кызматкерлер белгиленген убакыттын аралыгында, «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптарга» (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы, №421/1 Буйругуна Тиркеме) ылайык тиешелүү документтерди даярдашат;
34. Эгер аттестациядан өтүүчү квалификациялык деңгээлге ылайык келсе, апробациянын жыйынтыгы туура табылат;
35. Квалификациялык деңгээлин жогорулатууга талапкер болгон окутуучулар, өз алдынча кесиптик ишмердүүлүгүнүн тигил же бул тармагы боюнча квалификациясын жогорулатуудан өтүшөт жана аттестациялык комиссия тарабынан белгиленген убакытта кайрадан аттестациядан өтүшөт;
36. Аттестациянын тиешелүү жыйынтыгына ээ боло алышпай калган окутуучулар, кийинки аттестациялоо мөөнөтүндө кайрадан аттестациядан өтүшөт;
37. Жүйөөлүү себептер менен аттестацияга катышпай калган тараптар, кийинки аттестациялоо мөөнөтүндө аттестациядан өтүшөт;
38. Жүйөөлү себептерге кирет: убактылуу ишке жараксыздык, өз убагында аттестациялоо боюнча маалымат албай калуу;

## 4.Аттестация жүргүзүүнүн тартиби

39. Аттестациялык комиссиянын отурумуна анын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен аз адам катышса, отурум мыйзамга ылайыксыз деп саналат.Аттестациялык комиссиянын мүчөсүнүн ордуна башка адам иштөөсүнө жол берилбейт;
40. Аттестациялыккомиссия, аттестациянын жүрүшүндө:
   - «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптарга» (КР ББжИМнин 09.04.2021-жылдагы, №421/1 Буйругуна Тиркеме) ылайык, сунушталган тиешелүү документтерди жана материалдарды карайт;
   - аттесацияланууучу менен интервью-аңгемелешүү жүргүзөт.
41. Квалификациялык категория ыйгарууга төмөндөгүлөр негиздеме болуп саналат:
   - байкоо жүргүзүүнүн натыйжасы;
   - интервью-маектешүүнүн натыйжасы;
   - «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптарды» аткаруунун натыйжасы.
42. Көрсөтүлгөн жыйынтыктардын негизинде, аттестациялык коммиссия ЫКИПКнын директору тарабынан мурда бекитилген «Окутуучунун квалификациялык деңгээлин баалоо боюнча аттестациялык баракчаны» толтурат;
43. Аттестация, багыттама, дипломдо көрсөтүлгөн кесиптик билими, өтүүчү дисциплиналары боюнча билимин жогорулатуу курстарынан өтүүсү эске алынуусу менен жүргүзүлөт.Өтүп жүргөн дисциплиналары аттестацияланууучунун дипломундагы адистигине туура келбесе, аттестация өтүп жүргөн дисциплиналарына туура келген билимин жогорулатуучу же кайра даярдоодон өткөндүгүн тастыктоочу документтери каралат;
44. Аттестациянын жыйынтыгы «ОКББнүн педагогикалык кызматкерлеринин квалификациялык деңгээлдерине талаптар» боюнча каралып, аттестациялык комиссиянын отурумунун протоколуна түшүрүлөт жана төраганын, төраганын орун басарынын, катчынын, отурумга катышкан мүчөлөрдүн колдору коюлат;
45. Аттестациялык комиссия, аттестациянын жыйынтыгы боюнча төмөндөгү чечимдердин бирин чыгарат:

-тиешелүү квалификациялык деңгээлди ыйгаруу;

-тиешелүү квалификациялык деңгээлди ыйгаруудан баш тартуу.

46. Аттестациялык комиссиянын окутуучуга квалификациялык деңгээл ыйгаруу же сунуштама берүүсү боюнча чечим, аттесациялык комиссиянын отурумунда көпчүлүк добуш менен чечилет. Добуш берүүнүн жыйынтыгы теңме тең болуп калган учурда, чечим аттестациядан өтүүчүнүн пайдасына карата кабыл алынат;
47. Түздөн-түз аттестациялык комиссиянын отурумуна катышып жаткан окутуучунун аттестациядан өтүүсүнүн жыйынтыгы, комиссия тарабынан анын катышуусусуз добуш берүү менен чыгарылган соң, ага билдирилет;
48. Аттестациялык комиссия окутуучуга квалификациялык деңгээлди ыйгаруудан баш тарткан учурда, аттестациянын жыйынтыгы менен окутуучуга билимин жогорулатуусу же кайра даярдоодон өтүүсү боюнча сунуштама берет;
49. Окутуучуга квалификация ыйгаруудан баш тартылган учурда, ал бир жылдан кийин кайра аттестациядан өтүүгө укуктуу. Мөөнөтүнөн мурда аттестациядан өткөн окутуучунун мурдагы квалификациялык даражасы мөөнөтү аяктаганча сакталат;
50. Окутуучулардын квалификациялык деңгээли, ага ыйгарылгандан баштап беш жылга чейин сакталат;
51. Жүйөөлүү себептер менен кийинки аттестациядан өтпөгөн окутуучунун квалификациялык категориясы, ал кайрадан жумушка чыккандан баштап бир жылдан ашык эмес мөөнөткө чейин сакталат;
52. Жүйөөлүү себептерге төмөнкүлөр кирет:

- Убактылуу ишке жарамсыздык, бала кароо жана төрөткө байланыштуу өргүүлөр;
- Мурдагы квалификация ыйгарылган кызмат ордуна кайра кайтып келүүсү (мурда кандай шарттарда кызматтан кеткени каралбайт).

## 5.Аттестациянын жыйынтыгын чыгаруу

53. Аттестациялык комиссиянын протоколдору учурдагы Жобого ылайык 3-тиркемесинде көрсөтүлгөн формада толтурулат;
54. Аттестациялык комиссиянын чечими учурдагы Жобого ылайык 3-тиркемеде көрсөтүлгөн формада толтурулат;
55. Аттестациялык комиссиянын чечими чыгарылгандан 15 календардлык күндөн кеч эмес аралыкта, билим берүү мекемесинин жетекчиси тарабынан аттестациядан өткөн окутуучуларга квалификациялык деңгээлди ыйгаруу тууралуу буйрук чыгарылышы керек;
56. Аттестация жүргүзүлгөндөн бир жумага чейинки аралыктан кечиктирилбестен, аттестациялык комиссиянын төрагасы тарабынан окутуучулардын колуна жеке таанышуусуна Аттестациялык баракчанын көчүрмөсү берилет.Аттестациялык комиссиянын отурумдарынын протоколу, аттестациянын материалдары, аттестациялык баракчалар, мүнөздөмөлөр, аттестациялоодо колдонулган документтер кадрларды башкаруу бөлүмүндөгү окутуучулардын жеке делолоруна тиркелип сакталууга тийиш;
57. Аттестациялык комиссиянын квалификация ыйгаруу тууралуу чечимине окутуучу макул эмес болгон шартта, чечимдин үстүнөн даттанууга укуктуу.